Математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын “Иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр жана магистранттар менен НББПнын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын талкуулоо” деген тегерек стол жыйынынын

**ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

*6-апрель, 2017-жыл.*

*Төрага:* А. Сопуев
*Катчы:* Н. Абдирайимова
*Катышкандар*: Программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*

Иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр жана магистранттар менен НББПнын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын талкуулоо иш берүүчүлөр менен биргеликте талкуулоо

**Угулду:**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор):* 2017-жылдын апрелинде иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр жана магистранттар менен НББПнын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын талкуулоо “ИВТ” жана “ИСТ” бакалавр, магистрдик программалары үчүн НББПсын, жумушчу окуу программасын, окутуу максаттарын жана натыйжаларын, стратегиялык пландарын жана баалоо критерийлерин иш берүүчүлөр менен биргеликте талкуулоо деген тегерек столго кош келиңиздер. Биз сиздер менен ИСТ, ИВТ багыттарынын окуу пландарын талкуулап, сиздерден түшкөн сунуштар менен иштөөбүз зарыл деп сиздер менен жолугушуп отурабыз.

Кафедра башчысы тарабынан бүгүнкү жыйындын планы айтылып, ИСТ, ИВТ багыттарынын окуу пландары жана НББПлары боюнча кеңири маалымат берилди.

*Айтбай кызы Айгүл (Программалоо кафедрасынын доценти)*: Бүгүнкү конференцияга бир нече мекеме-ишканадын өкүлдөрү катышып отурасыздар. Биздин негизги максатыбыз НББПнын мазмуну кеңири талкуулоо жана ИСТ, ИВТ багыттары боюнча окуу пландарынын вариативдик бөлүктөрүнө сиздер сунуштаган дисциплиналарды киргизүү. Биз жылда ушундай жолугушууларды өткөрүп анын натыйжасында бир нече өзгөрүүлөр болду окуу планда. Быйыл дагы сиздерден сунуштарды күтөбүз. Ал сунуштардын үстүнөн биз дагы иштеп жатабыз.

**Жарыш сөз:**

*Юрченко Денис (“ОсОО ДОК”, 1С боюнча адис):* менин сунушум программист техникалык маселелерди чечүүсү керек. Техникалык маселерди чечүүнү студенттерге үйрөтүү керек. “1С Предприятие” дисциплинасын киргизүүнү сунуш кылат элем.

*Матикеев Т.К. (ОшМУнун өндүрүштөр менен байланыш департаментинин директору):* Бул жерде менин байкашымча иш берүүчүлөр бизге абдан кызыктар, башкача айтканда жардамдашалы, жумуштарга рецензия берели деп жатышат. Бул абдан жакшы нерсе. Колдошубуз керек. Студент программалоонун кайсы багытына жөндөмү күч болсо, шыктуу болсо, ошол багыттагы ошол багыттагы иш берүүчүлөргө жөнөтүп, алар менен байланыш уюштурушубуз керек.

**ЧЕЧИМ:**

1. “Иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр жана магистранттар менен НББПнын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын талкуулоо” аттуу тегерек столдогу талкуулоодогу сунуштарды эске алынсын;
2. Аны көзөмөлдөө кафедра башчысы А. Сопуевге жүктөлсүн

Кеңешменин төрагасы: Сопуев А.

Катчы: Абдирайимова Н.